БОРБОРДУК
АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ

*тартуулайт*

# КЫРГЫЗ КҮҮЛӨРҮ: Иликтөөлөр, ойлор, пикирлер, 1-2 китеп



**Асан Кайбылда уулу (1929-2010).** Чыгаан педагог, чебер комузчу жана музыка изилдөөчү. 1929-жылы Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Боз-Учук айылында туулган. Эмгек жолун Тогуз-Торо районунда окуу бөлүмүнүн башчысы болуудан баштап, Ак-Суу районундагы мектептерде директор болуп иштеген. 1984-1989-жылдары Кыргыз Илим изилдөө Педагогика институтунда илимий кызматкер болуу менен окуу китептерди жазган. Улуттук музыканын көйгөйлөрү, комузчулук өнөр жана күү тарыхы боюнча көп сандаган публицистикалык макалаларды жазган. Республикалык категорияда лектор катары Кыргызстандын аймагын түгөл кыдырып, фольклордук материалдарды жыйнаган. 1990-жылдан Улуттук Телерадио комитетинде кассеталарды реставрациялоо бөлүмүндө башкы редактор болгондон тартып, “Күү баяны” аттуу радио-баяндарды эфир толкунуна алып чыгып турган. “Күү баяны” (2000), “Кыргыздын музыкалык аспаптары” (2003) аттуу илимий-популярдуу эмгектердин автору жана 8-9 класстар үчүн “Кыргыз тили” деген окуу китептеринин соавтору. Асан Кайбылда уулунун комуз музыкасын изилдөөгө кошкон зор салымы жана жаңылыгы —ал комуз толгоолорунун 18 түрүнө чейин аныктап, тактап, изилдеп чыккан. Асан Кайбылда уулу 2010-жылдын август айында 80 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

Кыргыздын аспаптык күүлөрү–кыргыз элинин басып өткөн узак өмүр жолун (тарыхын, санжыра-баяндарын), дүйнө-таанымын, акылмандык ой-туюмдарын, каада-салттарын, адамдын психологиялык маанайларын (арман, муң, кайгы, кубаныч...) ачып берүүчү күчкө эгедер. Бул фундаменталдуу эки томдук Асан Кайбылда уулунун 20 жылдык эмгегинин үзүрү жана Борбордук Азиянын маданий мурастарын сактоого жана даңазалоого кошкон зор салымы болуп эсептелет.

Биринчи китепте (848 бет), күү-кыргыз элинин улуттук руханий дүйнөсү катары бааланып, улуттук музыкалык аспаптардын түрлөрү, үч кыл комуздун бүтпөс сырлары, комузчулар жана комузчулук өнөр, күү варианттары жана жанрлары, күү чертимдер, толгоолор, кыл басылыштар жана кол шилтемдер, стилдик өзгөчөлүктөр жөнүндө сөз болот. Күүлөр түрдүү тематикаларга (ата-энелерге, кыз-келиндерге; балалык, жаштык, карылык; ата журт кайрыктары, диний күүлөр...) жана жанрларга (кара күүлөр, айтым күүлөр, ойнотмо күүлөр, куудул күүлөр, обон күүлөр, ырчы күүлөр, куш-абаз күүлөр, арман, кошок күүлөр, накыл күүлөр . . .) бөлүнүп, күүлөрдүн тарыхы, таржымалы менен бирге анын жаралышы, таралышы, аткарылышы, мазмуну-мааниси социалдык, маданий жана тарыхый контекстте чечмеленип, изилденет. Ошондой эле, Кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казынасына» жаздырылган аспаптык (комуз, кыл кыяк, темир ооз комуз) күүлөрдүн дээрлик бардыгы тизмеленип берилген.

Экинчи китепте (648 бет), күү–тарыхтын күбөсү катары каралып, күү баяндары аркылуу кыргыз элинин башынын өткөргөн тагдыры, тарыхый жолу дээрлик бүт камтылган. Мында тарыхый доорлордун (Атилла доору, Томирис доору, Чынгыз хан доору, Темирлан доору, Жунгарлар доору, Кокон хандыгынын доору, орус колонизаторлор доору, кенеш бийлигинин доору) маанилүү окуялары жана белгилүү инсандары; Манас башында турган эпостук баатырларды жана каармандарды даңазалаган күүлөрдөн тартып, каргашалуу Үркүн окуясы менен бирге советтик жаңы заманды жар салган салтанат күүлөргө чейин иликтенип баяндалат. Ошондой эле, Кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казынасына» жаздырылган аспаптык (комуз, кыл кыяк, темир ооз комуз) күүлөрдүн тизмеси, комузчулар жана алар жашаган доорлордун хронологиясы берилген.

Китепке Асан Кайбылдаев даярдаган 100дөн ашуун «Күү баяны» аттуу радио-баяндар жана залкар комузчулардын күүлөрү жаздырылган компакт диск да тиркелет.

Бул китеп жалаң гана музыка изилдөөчүлөөргө же музыка сүйүүчүлөргө окуу курал болуп бербестен, жалпы эле илимпоздорго: тарыхчыларга, философторго, филологдорго, биологдорго, экологдорго, географтарга, археологдорго гүлазык, комуз өнөрүнө кызыккан окурмандарга эстетикалык рахат бере турган руханий дүйнө.




Китепти сатып алуу үчүн Айсулу Алымкуловага байланышыңыз: aisulu.alymkulova@ucentralasia.org, +996 (312) 910 822 (ext. 601)